**Д 12.23.669 диссертациялык кеңеши**

**№ 30 ПРОТОКОЛ**

**Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин алдын ала коргоо жөнүндө**

**20-декабрь 2024-ж.** **Бишкек ш.**

**Күн тартиби**

1. Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин алдын ала коргоо.

**Адистиги:** 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук.

**Илимий жетекчи:** Шерипов Нурлан Турганбекович – КРнын улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, юридика илимдеринин доктору, профессор.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б. Т.:** Урматтуу кесиптештер, Диссертациялык кеңештин отурумун ачык деп жарыялоону сунуштайм. Кворум бар, Диссертациялык кеңештин 16 мүчөсүнөн, 13 мүчөсү отурумга катышууда:

1.Токтобаев Болот Токтомышевич – төрага, юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.01.

2.Сагыналиева Венера Желденовна – окумуштуу катчы, юридика илимдеринин кандидаты, доцент, адистиги 12.00.01.

3.Шамурзаев Таалайбек Турсунович – төраганын орун басары, юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09, 12.00.08.

4.Адилов Айбек Насырович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09, 12.00.14.

5.Аманалиев Урмат Олжобекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02, 12.00.14.

6.Джумагулов Айдар Муратович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01, 12.00.02.

7.Джумалиев Данияр Сардарбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01, 12.00.02.

8.Исманов Таалайбек Кадырович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01.

9.Ким Олег Дмитриевич – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09.

10.Сманалиев Кынатбек Мойнокович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09.

11.Сулайманова Назгуль Назарбековна – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.08.

12.Сыдыкова Лейла Чынтургановна – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.08.

13.Токтогулов Алмаз Асылбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02, 12.00.14.

14.Тугольбаева Бермета Галиевна – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09, 12.00.08.

15.Саякова Мария Касымовна – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.08, 12.00.14.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Күн тартиби боюнча кимде кандай сунуштар бар? Эгерде сунуштар жок болсо, анда добушка коём. Урматтуу кесиптештер добуш берип коюңуздар. Бары «макул», бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Диссертанттын аттестациялык иши боюнча маалымат берүү үчүн сөз Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, ю.и.к. В.Ж. Сагыналиевага берилет.

**Окумуштуу катчы, ю.и.к. Сагыналиева В.Ж.:** Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, изденүүчү Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин аттестациялык ишиндеги бардык керектелүүчү документтер Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына ылайык туура даярдалган.

Курамы ю.и.д. ю.и.д. (12.00.01), доцент Аманалиев У. О., (12.00.02), доцент Джумалиев Д. С., жана ю.и.д. (12.00.01, 12.00.02), доцент Джумагулов А.М. турган эксперттик комиссия үч оң корутунду берди. Ошол эле маалда, корутундуларда диссертациялык иш боюнча айрым эскертүүлөр бар болгон жана аларды жок кылуу үчүн изденүүчүгө убакыт берилген.

Андан тышкары, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясы тарабынан Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча баштапкы документтердин аныктыгын текшерүү акты берилди.

Кыскача маалымат ушундай, суроолор болсо берсеңиздер болот. Рахмат!

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Окумуштуу катчыга суроолор барбы? Эгер суроолор жок болсо, анда сөз изденүүчү Алимбеков Алмаз Акматалиевичте. Урматтуу изденүүчү, регламент боюнча сизге он мүнөткө чейинки убакыт берилет, алгач баяндама жасасаңыз, андан кийин суроо-жоопторго өтөбүз.

**Изденүүчү Алимбеков А.А.:** Урматтуу Болот Токтомушевич! Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Менин, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы 12.00.02-конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишимди диссертациялык кеңеште кароого мүмкүнчүлүк түзүп бергениңиздер үчүн терең ыраазычылык билдиребиз. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугуна токтолууга уруксат этиңиздер.

Мамлекеттик чек аранын пайда болуу жана өнүгүү тарыхы Кыргыз Республикасынын тарыхы менен тыгыз байланышта. Бүгүнкү күндө кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшү менен мамлекеттик чек араны коргоо, анын коопсуздугун камсыз кылуу маселелери Кыргыз Республикасы үчүн абдан маанилүү болуп калды. Мамлекеттин көз карандысыздыгы, эгемендүүлүгү жана өнүгүүсү, мамлекеттик бийлик органдардын жигердүү иштеши мамлекеттик чек аранын коопсуздук деңгээлинен түздөн-түз көз каранды экендигин белгилесек болот.

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда ар кандай согуштардын, аскердик кагылышуулардын негизги себеби болуп мамлекеттер ортосундагы аймактык талаш-тартыштар жана чек ара чыр-чатактары эсептелет. Кыргызстан эл аралык коомчулукта мамлекет аралык кызматташууну ийгиликтүү жүргүзүп келет. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы төрт мамлекет менен чектешет. Облустардын ар

бири чек ара аймагы болуп саналат жана республика боюнча сегиз гана район мамлекеттик чек ара менен чектешпейт.

Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна ички жана тышкы коркунучтарды болтурбоо, бөгөт коюу жана жоюу боюнча мамлекеттин коргонуу жөндөмдүүлүгүн арттыруу жана бул жаатта эл аралык кызматташтыкты чыңдоо максатында 2021-жылдын 20-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы жөнүндө» Жарлыкка кол койду. Президент Садыр Жапаров Коопсуздук кеңешинин жыйында жаңы концепциянын кабыл алынышын негиздеп «… улуттук коопсуздукка болгон чакырыктар, ички жана тышкы коркунучтар туруктуу эмес, алар тездик менен өзгөрүп, өнүгүп жатат. Иштин бардык чөйрөлөрүндө инновациялык технологиялардын тез өнүгүшү, агрессиянын жана башка терс факторлордун жыл сайын, ай сайын жана күн сайын өсүшү улуттук коопсуздукка жаңы чакырыктарды жана коркунучтарды жаратууда…» деп белгилеген. Анткени, Кыргыз Республикасы аймактык туруксуздук менен мүнөздөлгөн өлкөлөр менен курчалган. Ооганстандагы тыйылбаган согуштук аракеттер жана коңшу өлкөлөрдөгү аймактык чыр-чатактар эл аралык терроризмдин, баңги аткезчилигинин жана мыйзамсыз курал соода жүгүртүүнүн туруктуу булактарына айланды. Мындай татаал кырдаалдарда мамлекеттин чек ара коопсуздугун камсыз кылуу маселеси Кыргыз Республикасы үчүн өтө маанилүү болуп калды.

Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук жөнгө салуунун учурдагы кемчиликтери болуп мамлекеттик деңгээлде мамлекеттик чек ара саясатынын бардык чөйрөсүн камтыган жана чек ара коопсуздугун камсыздоого арналган программалардын жоктугу, чек ара коопсуздугун камсыздоо маселелеринде Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын ишин укуктук жөнгө салуунун динамикалуу өзгөрүп жаткандыгына байланыштуу кемчиликтердин жоюлбагандыгы, чек аранын айрым тилкелери боюнча коңшу мамлекеттер менен чек ара сызыгынын такталбаганы саналат.

Мындай маселелердин негизги себептери болуп чек ара коопсуздугун камсыздоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ченем жаратуучу ишиндеги кемчиликтери. Чек ара кызматынын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуудагы негизги көйгөйлөрдү аныктоонун натыйжалуу ыкмаларынын жоктугу жана чек ара кызматынын мыйзам чыгаруу процессине катышпагандыгы, мыйзам жаратуу ишинде так максаттардын аныкталбагандыгы негизги себептердин бири.

Юридикалык илимде зыркы учурга чейин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы көйгөйлүү маселелерге арналган илимий изилдөө иштеринин өтө аздыгы диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу болуп саналат. Ошондой эле, чек ара коопсуздугун камсыздоону жакшыртуу максатында илимий изилдөөлөрдү күчөтүү менен татаал экономикалык жана аскердик-саясий кырдаалда мамлекеттик чек араны натыйжалуу коргоонун концепсиясын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, чек ара кызматынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы ролун жогорулатуу керек.

Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерине байланышкан маселелерди комплекстүү изилдөө жана чек ара мыйзамдарын жакшыртуу боюнча илимий негиздүү сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Алдыга коюлган максат төмөнкү теориялык, методологиялык жана практикалык милдеттерди аныктады:

1) мамлекеттик чек ара концепциясынын укуктук табиятына жана маңызына аныктама берүү жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча айрым түшүнүктөрдүн аныктамаларын толуктоо;

2) Кыргыз Республикасында улуттук коопсуздукту, анын ичинде чек ара коопсуздугун камсыздоо боюнча усулдарды талдоо;

3) Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумунун жана бул тутумдагы укуктук камсыздоонун ордун белгилөө жана талдоо;

4) ченемдик-укуктук актыларда иштелип чыккан жана колдонуудагы чек ара коопсуздугун камсыздоонун концептуалдык түшүнүктөрүн талдоо жана аны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

5) Чек ара коопсуздугун камсыздоонун эл аралык укуктук базасын изилдөө жана аларды өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо;

6) Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумунда жана чек ара саясатын ишке ашырууда Чек ара кызматынын ордун жана ролун талдоо жана Чек ара кызматынын ишин укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

7) мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо жаатындагы мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик чек ара саясатынын негизги багыттарын ишке ашырууда өз ара аракеттенүүсүн изилдөө;

8) Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоону жакшыртуу боюнча илимий негиздүү тажрыйбалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Коргоо үчүн төмөнкү илимий жоболор жана корутундулар сунушталат:

1. Мамлекеттик чек ара институту эгемендүүлүктү аныктоочу мамлекеттин белгилеринин тутумунун борбордук элементи болуп саналат деген автордун корутундусу негизделет. Колдонулуп жаткан жалпы теориялык көз караштарды талдоонун негизинде, «мамлекеттик чек ара» түшүнүгүнө автордук аныктама берилди: «мамлекеттик чек ара – бул бир мамлекеттин аймагын башка мамлекеттин аймагынан эгемендүүлүктүн, аймактык бүтүндүгүн жана саясий көз карандысыздыгын аныктаган, эл аралык укуктук режимге ээ болгон укуктук жөнгө салуунун объектиси».

2. Диссертант тарабынан 2015-жылдын 16-майындагы № 98 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 1-беренесине «чек ара коопсуздугу» түшүнүгүнө төмөнкүдөй автордук аныктама сунушталат: «Чек ара коопсуздугу – бул мамлекеттин улуттук коопсуздугунун ажырагыс бөлүгү, чек ара аймагында мамлекеттик органдардын жана башка субъекттердин чек ара коопсуздугун камсыздоо жаатындагы биргелешкен жана макулдашылган иш-аракеттеринин натыйжасында жетишилген, реалдуу жана потенциалдуу тышкы жана ички коркунучтардан жарандын, коомдун жана мамлекеттин саясий, экономикалык, маалыматтык, гуманитардык жана башка кызыкчылыктарын коргоонун абалы» түшүнүлөт.

3. Изденүүчү тарабынан чек ара коопсуздугунун укуктук камсыздоо концепциясына төмөнкүдөй автордук аныктама иштелип чыкты: «Чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо – бул мамлекеттик чек арада коомдук мамилелерди жөнгө салууда бирдиктүү тартипти түзүү, ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу, өзгөртүү же толуктоо жана алардын аракеттеринин чектерин аныктоо аркылуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын компетенциясын түзүү жана бекитүү саналат».

4. Диссертацияда Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыздоо үчүн ченемдик-укуктук тутумун түзүү зарылчылыгы жөнүндө автордун корутундусу негизделет. Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тармагындагы изилдөөлөрдүн усулдук маселелеринин өзгөчөлүктөрүн изилдөө чек ара коопсуздугун камсыздоо концепциясын иштеп чыгуунун методологиясы боюнча бирдиктүү түшүнүккө келүүгө мүмкүндүк берди. Буга ылайык, автор тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумун өркүндөтүү үчүн «Кыргыз

Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоо концепциясын» иштеп чыгуу жана кабыл алуу сунушу негизделет.

5. Юридикалык адабияттарды жана мыйзамдарды изилдөөнүн жана талдоонун негизинде Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын улуттук коопсуздук, анын ичинде чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумундагы орду аныкталган. Чек ара кызматынын ишмердүүлүгүн жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумун өркүндөтүү негизделген. Автор, бул иш эки багыт боюнча ишке ашырылышы зарыл деп эсептейт: ченемдик- укуктук базаны жакшыртуу жана санариптик инфратүзүмдү өркүндөтүү.

6. Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу жана мамлекеттик чек ара саясатын ишке ашыруу тармагында башкаруу чечимдерин кабыл алууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын чөйрөсү аныкталды. Бул органдардын конституциялык-укуктук статусу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизинде кабыл алынган жана мамлекеттик чек араны коргоо боюнча милдеттерди толук аткарууну камсыз кылган ар кандай юридикалык күчкө ээ тиешелүү ички укуктук актыларда баяндалганы аныкталды.

7. Чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагын жакшыртуу максатында негизги ченемдик-укуктук актылардын долбоорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылчылыгы негизделет. Анткени, орчундуу өзгөртүүлөр чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоону талап кылат. Бул максаттар үчүн төмөнкүлөр сунушталат:

7.1. Чек ара коопсуздугун камсыздоонун бирдиктүү тутумун түзүү зарылчылыгы негизделди. Чек ара органдарынын ишмердигин укуктук негизин түзүүчү мыйзам катары «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын статусу жөнүндө» жаңы мыйзамды кабыл алуунун зарылдыгы негизделет. Бул мыйзам мамлекеттик чек араны кайтаруу, коргоо жана коопсуздукту камсыз кылуу тутуму, чек ара коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндө мамлекеттик башкарууну өркүндөтүү, мамлекеттик чек аранын сапаттуу жаңы көрүнүшүн түзүү, чек ара маселелери боюнча эл аралык байланыштарды өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү жана чек ара мамилелеринин бардык субъекттеринин ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган жоболорду камтышы керек.

7.2. Чек ара коопсуздугун камсыздоонун аскердик-күч фактору чечүүчү мааниге ээ болгондугуна карабастан, чек ара аймагында улуттук коопсуздукка коркунуч жараткан аскердик эмес факторлор барган сайын маанилүү роль ойноп жаткандыгына байланыштуу мамлекеттик чек араны ыкчам-иликтөө ыкмалары менен коргоо зарыл. Автор тарабынан, Чек ара

кызматынын ишин жакшыртуу жана укуктук статусун, анын негизги милдеттерин, принциптерин, ошондой эле чек ара кызматкерлерин укуктук жана социалдык жактан коргоо принциптерин так аныктоо максатында «Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын кабыл алуу сунушталат.

Кыскача ушундай, көңүл бурганыңыздар үчүн ыраазычылык билдирем! Суроолор болсо жооп берейин.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Баяндама аяктады. Суроо жоопко өтөлү. Суроо берүү үчүн сөз Урмат Олжобековичте.

**Ю.и.д., доцент Аманалиев У.О.:** Саламатсыздарбы! Изденүүчүгө суроом бар эле. Айтыңызчы, Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумунун негизги юридикалык өзгөчөлүгү эмнеде? Чек ара коопсуздугунун камсыздоо тутумун так аныктоого жана түрлөргө бөлүп кароого кандай мүмкүндүктөр бар?

**Изденүүчү Алимбеков А.А.:** Урмат Олжобекович, суроонузга рахмат. Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун негизги максаты - инсандын, коомдун жана мамлекеттин өнүгүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзө турган, анын объекттеринин улуттук кызыкчылыктарын коргоонун зарыл деңгээлин түзүү жана колдоо. Бул максатка бир катар көйгөйлөрдү ийгиликтүү чечүү аркылуу жетишилет.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча негизги милдеттерден тышкары, аларга карата көмөкчү мүнөздөгү иш-чаралардын түрлөрү бар. Алар негизинен эки түргө бөлүнөт: ***негизги жана көмөкчү.*** Биринчи кезекте чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча негизги милдеттерди белгилеп кетүү зарыл. Алардын ичинде негизги милдеттерге биринчиден, чек ара коопсуздугуна коркунучту аныктоо, экинчиден, бул коркунучка каршы туруу. Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча көмөкчү милдеттердин бул түрлөрүнө ***биринчиден,*** чек араны коргоо процессин башкаруу, ***экинчиден,*** чек ара коопсуздугун камсыз кылуу үчүн күчтөрдү жана каражаттарды тандоо, даярдоо жана жайгаштыруу, ***үчүнчүдөн,*** чек араны коргоо боюнча иш-чараларды материалдык-техникалык, финансылык жактан камсыз кылуу, ***төртүнчүдөн,*** чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо кирет.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча көмөкчү милдеттердин ичинен чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо милдети эң чоң роль ойнойт. Ошондуктан, изилдөөнүн жүрүшүндө «чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо» түшүнүгүнө аныктама берүү зарыл. Чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо – бул чек ара мейкиндигинде коомдук мамилелерди түзүү, өзгөртүү же жөнгө салуу аркылуу бирдиктүү тартипти камсыз кылууга

багытталган формалдуу түрдө аныкталган жүрүм-турум эрежелерин түзүү, ченемдик-укуктук актыларды кабыл алуу жана жокко чыгаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын максаттуу ишмердүүлүгүн түшүнөбүз. Чек ара коопсуздугун укуктук жактан камсыз кылуу көмөкчү милдет болсо да, анын артыкчылыктуу мааниге ээ экенин да белгилей кетүү керек. Себеби, тиешелүү мыйзамдык база, укуктук мамлекетте чек ара коопсуздугунун укуктук жөнгө салуу механизми болмоюнча, чек араны натыйжалуу коргоого жетишүү мүмкүн эмес. Мына ошондуктан, чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун жакшыртуу жана артыкчылыктуу өнүктүрүү мамлекетте улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун негизги багыты катары белгиленет.

Чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун төмөнкүдөй бөлүп кароого мүмкүндүк берет: *концептуалдык, институттук, ченемдик-укуктук.*

Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоонун *концептуалдык тутуму* чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумун уюштурууда жана өнүктүрүүдө улуттук кызыкчылыктарга карата жаралган коркунучтарды жок кылуу же минималдаштыруу, ошондой эле бул процессте субъективдүү аспектилердин күчөшүнө жол бербөө үчүн зарыл шарт болуп саналат. Концептуалдык тутум бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 20-декабрындагы ПЖ №570 жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы» менен бекитилген. Бул документте чек ара мейкиндигинде инсандын, коомдун жана мамлекеттин улуттук кызыкчылыктарын камсыз кылуу боюнча расмий кабыл алынган көз караштардын ролун аткарып, чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун негизги багыттары боюнча мамлекеттик чек ара саясатынын негизин түзөт.

Ал эми, ***институционалдык тутум*** Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 1999-жылдын 19-марттында №27 кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2003-жылдын 26-февралында №44 кабыл алынган «Улуттук коопсуздук жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2022-жылдын 5-июлунда №57 кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана башка ченемдик-укуктук актылар менен аныкталат.

Ал эми ***чек ара коопсуздугун ченемдик-укуктук камсыздоо*** бул эл аралык-укуктук, мыйзамдык жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жана аткаруу бийлиги органдарынын мыйзам алдындагы ченемдик-укуктук актылары менен камсыздоо саналат.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Кесиптештер, дагы суроолор барбы? Суроо берүү үчүн кийинки сөз Алмаз Асылбековичте.

**Ю.и.д., доцент Токтогулов А.А.:** Саламатсыздарбы! Диссертантка суроом бар эле. Диссертацияда чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагында мамлекеттик бийлик органдарын эки түргө бөлүп карап жатасыз. Биринчиси, жалпы камсыз кылуучу коопсуздук органдары, ал эми экинчиси түздөн-түз коопсуздукту камсыз кылуучу органдарга. Айтыңызчы, чек ара коопсуздугун түздөн-түз камсыз кылуучу органдарга кайсыл органдар кирет?

**Изденүүчү Алимбеков А.А.:** Рахмат, Алмаз Асылбекович! Кыргызстанда чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тармагында негизги милдетти учурда Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы аткарат.

Азыркы мезгилде чек ара кызматы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу доорунда жүрүп жаткан пайда болуу жана өнүгүү процесстерин баштан кечирүүдө. Дүйнөдөгү саясий, экономикалык жана аскердик абал өзгөргөн сайын мамлекетибиздин чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча принципиалдуу жаңы милдеттердин келип чыгышы Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын ишине жана түзүмүнө, мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы ыйгарым укуктарына олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү учурдун талабы.

Мамлекеттик чек аранын коопсуздугун камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 19-январындагы № 8 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы жөнүндө жобого» ылайык чек ара кызматы тарабынан ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы мамлекеттик чек араны коргоо жана коопсуздукту камсыз кылуу боюнча, чек ара көзөмөлүн жүзөгө ашыруу, мамлекеттик чек аранын режимин бузуулардын, эгемендүүлүккө жана аймактык бүтүндүгүнө кол салуулардын алдын алуу жана бөгөт коюу үчүн түзүлгөн аткаруу бийлигинин тутумундагы бирдиктүү мамлекеттик орган болуп саналат. Чек ара кызматы жободо белгиленген көптөгөн функцияларды аткаргандыгына байланыштуу, алардын мазмуну өтө ар түрдүү. Ошондуктан, функциялардын классификациясы, аткарылган ыйгарым укуктарга жараша бөлүштүрүлүшү зарыл. Буга байланыштуу биз чек ара кызматынын функцияларын классификациялоо боюнча төмөнкүлөрдү сунуш кылып жатабыз:

Биринчиден, *башкаруу функциясы* – чек ара кызматына баш ийген бөлүмдөрдү жана түзүмдөрдү башкарууга багытталган функциялар.

Экинчиден, *уюштуруучулук функциясы* - чек ара кызматынын алдына коюлган милдеттерди тутумдуу, пландык, иреттүү ишке ашырууга багытталган функциялар.

Үчүнчүдөн, *аналитикалык функциясы* - чек ара коопсуздугун камсыздоо боюнча мамлекеттин кызыкчылыктарын көздөгөн коомдук мамилелерди жана процесстерди ар тараптуу талдоо жана кароого багытталган функциялар.

Төртүнчүдөн, *тышкы функциясы* - эл аралык чек ара кызматташтыгын жана эл аралык мамилелерди ишке ашырууга багытталган функциялар.

Бешинчиден, *укуктук камсыздоо функциясы* - чек ара коопсуздугу чөйрөсүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча илимий негиздүү сунуштарды киргизүүгө багытталган функциялар.

Жогоруда аталган Жобо Чек ара кызматынын ишинин укуктук негизи үчүн чоң мааниге ээ, анын мамлекеттик орган катары укуктук статусун аныктайт.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Кесиптештер, дагы суроолор барбы? Эгер суроо жок болсо, анда изденүүчүгө ыраазычылык билдирем. Ордуңузга отура берсеңиз болот. Кийинки сөз окумуштуу катчы В.Ж. Сагыналиевага изденүүчүнүн илимий жетекчиси **юридика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти Шерипов Нурлан Турганбековичтин** пикирин окуп берүүгө берилет.

**Окумуштуу катчы: ю.и.к. Сагыналиева В.Ж.:** Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин кандидаттык диссертациясына илимий жетекчинин пикирин окуп берүүгө уруксат этиңиздер. Диссертация укук таануу илиминде учурдун эң актуалдуу маселелеринин бири болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерине талдоо жүргүзгөн алгачкы изилдөө, түңгуч аракет. Буга чейин, ата-мекендик укук таануу илиминде, чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери жана анын укуктук өзгөчөлүктөрү, илимий-практикалык маанилүүлүгүнө карабастан, ушул кезге чейин, дээрлик илимий изилдөө иштеринин объектиси катары окумуштуу укук таануучулар тарабынан өтө аз изилденген.

Диссертациялык изилдөөнүн темасын тандоо постсоветтик мейкиндиктеги өлкөлөрдө болуп жаткан саясий окуялардын шартында барган сайын актуалдуу болуп бара жаткан ааламдашууну эске алуу менен абдан актуалдуу жана өз убагындагыдай сезилет.

Диссертациялык изилдөөнүн ички биримдиги иштин максатын компетенттүү аныктоо жана өз ара байланышта жана органикалык ырааттуулукта чечилүүчү негизги милдеттерди формулировкалоо менен камсыз кылынат.

Кыргыз Республикасында буга чейин жүргүзүлгөн негизги реформаларга карабастан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу ыңгайлуу болуп саналбайт. Чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы көйгөйлүү маселелер, албетте чек ара мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү, чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы башкаруу ыкмаларын түп-тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылат.

Азыркы этапта коомду өнүктүрүүнүн маанилүү милдети болуп өлкөнүн жана аймактардын социалдык-экономикалык маселелерин натыйжалуу чечүүгө багытталган түп-тамырынан берки мамлекеттик башкаруу, административдик, экономикалык реформа менен катар чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагында олуттуу реформаларды ырattуу жүргүзүү саналат.

Адабият булактарын теориялык жактан талдоо жана чек ара коопсуздугун камсыз кылууну түзгөн материалдарды, ченемдик-укуктук актыларды изилдөөдө чек ара коопсуздугу менен байланышкан маселелер жогорку деңгээлде али жеткиликтүү иликтенбегендигин айгинеледи.

Диссертациялык изилдөө ишинин бирден бир өзгөчөлүгү, жогоруда баяндалган маселелердин негизинде азыркы учурда мамлекеттик чек аранын азыркы илиминин алдында турган артыкчылыктуу милдеттери болуп чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумундагы мамилелерди укуктук жөнгө салуунун ролун жана өзгөчөлүктөрүн, абалын илимий-укуктук жактан талдоо жүргүзүү максатында жана Кыргыз Республикасы өзүнүн көз карандысыздыгын алгандан кийин жана алганга чейин деле укук таануу илиминде чек ара коопсуздугунун маанисин, мүнөздөрүн жана юридикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берген илимий иштин жоктугуна байланыштуу, автордун алгачкы саамалыгы.

Изилдөөнүн планы логикалык ырааттуулукта түзүлүү менен коюлган суроолор диссертант тарабынан компетентүү, илимий жана укуктук – ченемдик негизде чечмеленген.

Белгилеп кетчи нерсе диссертациянын негизги өзгөчөлүгү көз карандысыздыка ээ болгондон бери Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араны жөнгө салган жогоруда аталган негизги кодификациялык мыйзамдарды салыштыруу менен анын юридикалык өзгөчөлүгүн, айырмачылыгын, маани-маңызын жеткиликтүү изилдеген укук таануу илиминде бирден бир илимий эмгек экендигинде.

Андан сырткары, эмгекте автор бир катар илимий жоболорду, тыянактарды жана сунуштарды коргоого алып чыккан, алар кыйла даражада негиздүү болуп саналат.

Автор жасаган натыйжалардын, тыянактардын жана корутундулардын негиздүүлүгү жана аныктыгы төмөнкүлөр менен ырасталат:

Биринчиден, изилдөөлөр юридикалык илимде иштеп чыккан концепциялык жоболорго негизделет, илимий иштеп чыгууларды терең талдоолор менен. Алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыгы юридикалык материалдарды кеңири талдоо, ошондой эле аларга теориялык маани берүү менен камсыз кылынат.

Экинчиден, изилдөөдө ата-мекендик баштапкы булактарды жана илимий макалаларды, практикалык материалдарды, ошондой эле чет мамлекеттердин булактарын пайдалануу менен.

Үчүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларды, статистикалык маалыматтарды жана архивдик материалдарды кеңири колдонуу менен.

Төртүнчүдөн, изилдөөнүн жоболорун жана натыйжаларын Кыргыз Республикасы менен чет өлкөлүк мезгилдүү басылмаларында илимий макалалар түрүндө жарыялоо менен.

Диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси – диссертацияда баяндалган теориялык жоболор жана тыянактардын Кыргызстандагы чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумундагы иш-аракеттердин укуктук жөнгө салыныш маселелеринин жана чек ара мыйзамдарын өркүндөтүүгө жана мындан ары укуктук жактан изилденишине мүмкүндүк берип, чек ара мыйзамдарынын натыйжалуулугу жагындагы маселелерди чечүү үчүн пайдаланышы мүмкүн. Андан тышкары автор тарабынан диссертацияда келтирилген сунуш-пикирлер конституциялык укугктагы, чек ара мыйзамдарындагы көйгөйлүү маселелерди андан ары илимий изилдөөлөрдү жана практикалык иштерди жүргүзүүгө, Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдоого кошумча адабий булак катары колдонулушу ырас.

Диссертациялык иштин илимий жаңычылдыгы жана мааниси анда автор изилдеген иштин өзү Кыргыз Республикасынын укук таануу илиминде чек ара коопсуздугун теориялык-укуктук жактан изилдеген, чек ара тармагындагы укуктук мамилелерди жөнгө салган негизги чек ара мыйзамдарынын маселелерин илимий жактан терең изилдеп жана талдоого алган тунгуч аракет, алгачкы изилдөө, ошондой эле ата-мекендик укук таануудагы мамлекеттик тилде жазылган илимий эмгектердин бири экендигинде.

Диссертацияда баяндалган тыянактар, сунуштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы улуттук коопсуздук, чек ара мыйзамдарынын ченемдерин талдоодон жана жалпылоодон алынган анык булактарга, ошондой эле адабий булактардын кеңири чөйрөсүнө, бири биринен ажыратылып массалык түрдө талданган архивдик жана практикалык материалдарга негизделген.

Диссертациялык изилдөө туура ой жүгүртүлүүсү жана ыраатуулугу менен айырмаланат. Изилдөөнүн ички биримдиги иштин негизги максаттарын жалпылай аныктоо жана коюлган максаттарды ыраттуу чечүү. Диссертация киришүүдөн, өз ара байланыштуу үч бөлүмдөн, корутундудан, пайдаланылган ченемдик-укуктук актылардын жана атайын адабияттардын тизмесинен турат.

Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын жана Казахстан Республикасынын конституциялык укугу илиминдеги теориялык жоболор каралган. Андан сырткары, автор изилдөө ишинин теориялык деңгээлине негизделген ченемдик-укуктук актылардын кеңири чөйрөсүн колдонгон. Диссертант тарабынан чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын кылдат талдоонун негизинде, чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун укуктук жөнгө салган, колдонуудагы Кыргыз Республикасынын чек ара мыйзамдарын жакшыртуу боюнча бир катар сунуштар киргизилген.

Изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөдө аткарган ишинин натыйжалары актуалдуу, теориялык жана практикалык мааниге ээ, илимий жактан негизделген жана ишенимдүү деп жыйынтык чыгарууга болот. Диссертация өзүнүн түзүмү жана мазмуну боюнча 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистигине толук ылайык келет.

Жалпысынан алганда Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы кандидаттык диссертациясы коюлган баардык талаптарга жооп берет, ал эми анын автору 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдин кандидаты деген окумуштуулук даражаны ыйгарууга арзыйт.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Чоң рахмат, Венера Желденовна! Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүн угууга өтөлү. Сөз эксперт, ю.и.д., доцент Аманалиев Урмат Олжобековичке берилет.

**Ю.и.д., доцент Аманалиев У.О.:** Саламатсыздарбы! Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине

туура келет жана 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча изилдөөлөргө карата коюлган талаптарга жооп берет.

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу эч кандай талаш жаратпайт. Себеби, мамлекеттин көз карандысыздыгы, эгемендүүлүгү жана аймактык бүтүндүгү, мамлекеттик бийлик органдардын жигердүү иштеши мамлекеттик чек аранын коопсуздук деңгээлинен түздөн-түз көз каранды экендигин белгилесек болот.

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда ар кандай согуштардын, аскердик кагылышуулардын негизги себеби болуп мамлекеттер ортосундагы аймактык талаш-тартыштар жана чек ара чыр-чатактары эсептелет. Кыргызстан эл аралык коомчулукта мамлекет аралык кызматташууну ийгиликтүү жүргүзүп келет. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы төрт мамлекет менен чектешет. Облустардын ар бири чек ара аймагы болуп саналат жана республика боюнча сегиз гана район мамлекеттик чек ара менен чектешпейт.

Каралып жаткан диссертациялык изилдөөнүн темасына чектеш темалар боюнча буга чейин дагы ата-мекендик окумуштуулар тарабынан бир катар изилдөө иштери жүргүзүлгөн жана аларда кыргыз мамлекетинин чек ара маселелери каралган. Бирок, изденүүчү А.А.Алимбековдун диссертациялык изилдөөсү өлкөдөгү чек ара маселелери боюнча ушул убакка чейин топтолгон жалпы тажрыйбаны жана өзгөргөн саясий-укуктук кырдаалды эске алуу менен мамлекеттик тилде жүргүзүлгөн алгачкы илимий иш болгондугу менен айырмаланат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убактысында жүргүзүлгөн деп корутундулоого болот. Изденүүчү А.А. Алимбеков тарабынан алынган натыйжалар ички биримдик жана изилдөө темасынын алкагындагы өз ара байланыштар менен мүнөздөлөт.

Диссертациялык иштин түзүмү илимий изилдөөнүн логикасына туура келет жана анын максаты жана милдеттери менен аныкталган. Бөлүмдөрдүн мазмуну максаттуу ички биримдик менен мүнөздөлөт. Диссертациялык иштеги материалдарды жазуу логикалык ырааттуулук жана жыйынтыкталгандык менен коштолот.

Диссертацияда изденүүчүнүн юридика илимине кошкон жеке салымын күбөлөндүрүүчү бир катар жаңы илимий натыйжалар жана жоболор камтылган. Изилденип жаткан тармактагы бар болгон көйгөйлөрдүн сунушталып жаткан жаңы чечимдери жана ыкмалары жетиштүү деңгээлде аргументтештирилген жана сынчыл көз караш менен бааланган.

Диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан илимий деңгээлде өз алдынча аткарылган жана аягына чыгарылган илимий-изилдөөчүлүк эмгек болуп саналат. Диссертациялык иш менен таанышуу учурунда айрым эскертүүлөр аныкталды:

1. Жактоого чыгарылып жаткан негизги жоболордун баарын так жана кыска кылып кайрадан иштеп чыгуу маселесин карап көрүү;

2. Жактоого чыгарылып жаткан негизги жоболордо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына сунушталып жаткан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бири-бирине бириктирүү аркылуу, кыскартуу маселесин карап чыгуу;

3. Ар бир глава боюнча кыскача корутунду чыгаруу маселесин эске алуу.

Ошону менен бирге, келтирилген эскертүүлөр диссертациялык иштин жалпы сапаты менен мазмунуна шек келтирбейт жана сунуштама мүнөзүндө берилди.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистигине (Кыргыз Республикасынын ЖАК Президиумунун 2016-жылдын 27-декабрындагы №235 токтомуна 2-тиркеме) толук жооп берүүчү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери боюнча изилдөө жүргүзүлөт.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Чоң рахмат Урмат Олжобекович. Кийинки сөз эксперт, ю.и.д., доцент Джумалиев Данияр Сардарбековичке берилет.

**Ю.и.д., доцент Джумалиев Д.С.:** Саламатсыздарбы! Диссертациянын темасынын актуалдуулугу мамлекеттин көз карандысыздыгы, эгемендүүлүгү жана аймактык бүтүндүгү, мамлекеттик бийлик органдардын жигердүү иштеши мамлекеттик чек аранын коопсуздук деңгээлинен түздөн-түз көз каранды экендиги талашсыз. Мамлекеттик чек аранын пайда болуу жана өнүгүү тарыхы Кыргыз Республикасынын тарыхы менен тыгыз байланышта. Бүгүнкү күндө кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшү менен мамлекеттик чек араны коргоо, анын коопсуздугун камсыз кылуу маселелери Кыргыз Республикасы үчүн абдан маанилүү болуп калды. Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу жалпы улуттук коопсуздукту камсыз кылуудан түздөн түз көз каранды жана мамлекеттик чек араны коргоо жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуу максатында стратегиялык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл.

Мамлекеттин көз карандысыздыгы, эгемендүүлүгү жана өнүгүүсү, мамлекеттик бийлик органдардын жигердүү иштеши мамлекеттик чек аранын коопсуздук деңгээлинен түздөн-түз көз каранды экендигин белгилесек болот. Каралып жаткан диссертациялык изилдөөнүн темасына чектеш темалар боюнча буга чейин дагы ата-мекендик окумуштуулар тарабынан бир катар изилдөө иштери жүргүзүлгөн жана аларда кыргыз мамлекетинин чек ара маселелери каралган. Бирок, изденүүчү А.А.Алимбековдун диссертациялык изилдөөсү өлкөдөгү чек ара маселелери боюнча ушул убакка чейин топтолгон жалпы тажрыйбаны жана өзгөргөн саясий-укуктук кырдаалды эске алуу менен мамлекеттик тилде жүргүзүлгөн алгачкы илимий иш болгондугу менен айырмаланат.

Жалпысынан диссертациялык изилдөө боюнча сын пикирлер жок. Бирок кошумча редакциялоонун зарылдыгын белгилеп кетишибиз керек. Техникалык жана стилистик каталарды жоюу иштерин алып баруусу керек. Ошону менен бирге, келтирилген эскертүүлөр диссертациялык иштин жалпы сапаты менен мазмунуна шек келтирбейт жана сунуштама мүнөзүндө берилди.

Экспертизага берилген диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган жана илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон милдеттерди чечүүгө багытталган илимий-квалификациялык иш болуп саналат.

Изденүүчү А.А. Алимбеков тарабынан алынган натыйжалар ички биримдик жана изилдөө темасынын алкагындагы өз ара байланыштар менен мүнөздөлөт.

Диссертациялык иштин түзүмү илимий изилдөөнүн логикасына туура келет жана анын максаты жана милдеттери менен аныкталган. Бөлүмдөрдүн мазмуну максаттуу ички биримдик менен мүнөздөлөт. Диссертациялык иштеги материалдарды жазуу логикалык ырааттуулук жана жыйынтыкталгандык менен коштолот.

Диссертацияда изденүүчүнүн юридика илимине кошкон жеке салымын күбөлөндүрүүчү бир катар жаңы илимий натыйжалар жана жоболор камтылган. Изилденип жаткан тармактагы бар болгон көйгөйлөрдүн сунушталып жаткан жаңы чечимдери жана ыкмалары жетиштүү деңгээлде аргументтештирилген жана сынчыл көз караш менен бааланган.

Жалпысынан, Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун

камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» деген темадагы диссертациясы коргоого сунушталат.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Данияр Сардарбекович, ыраазычылык билдирем! Кийинки сөз эксперт, ю.и.д., доцент Джумагулов Айдар Муратовичке берилет.

**Ю.и.д., доцент Джумагулов А.М.:** Саламатсыздарбы! Диссертацияда Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоого кылдат изилдөөнүн негизинде конституциялык-укуктук негиздери аныкталган. Изилдөөнүн багыты боюнча диссертант мыйзамда каралган чек ара мамилелеринин өзгөчөлүгүн талдап жаңы түшүнүктөргө авторлук аныктама берген.

Андан сырткары, эмгекте автор бир катар илимий жоболорду, тыянактарды жана сунуштамаларды коргоого алып чыккан, алар кыйла даражада негиздүү болуп саналат.

Автор жүргүзгөн изилдөөлөр юридикалык илимде иштеп чыккан концепциялык жоболорго негизделет, илимий иштеп чыгууларды терең талдоолор менен. Алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыгы юридикалык материалдарды кеңири талдоо, ошондой эле аларга теориялык маани берүү менен камсыз кылынат.

Диссертацияда баяндалган тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин талдоодон жана жалпылоодон алынган анык булактарга, ошондой эле адабий булактардын кеңири чөйрөсүнө, бири биринен ажыратылып массалык түрдө талданган архивдик жана практикалык материалдарга негизделген.
Жалпысынан диссертациялык изилдөө боюнча орчундуу сын пикирлер жок, бирок кошумча редакциялоонун зарылчылдыгы бар экендигин белгиленет.

Экспертизага берилген диссертациялык изилдөө – бул конституциялык укук; муниципалдык укук сыяктуу актуалдуу илимий багытты, өнүктүрүүнүн жаңы концептуалдык көз карашын иштеп чыгуу болгон индивидуалдуу илимий жана квалификациялык эмгек; эмгек принципиалдуу жаңы натыйжаларды камтыйт, анын жыйынтыгы юридикалык илимдеги ири жетишкендик. Диссертациядагы баптар жана бөлүмдөр логикалык туура иретте баяндалган, келтирилген жыйынтыктар, тыянактар жана сунуштар далилденген жана негизделген.
Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси чек ара коопсуздугун камсыздоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүнүн актуалдуу маселелерин чечүүгө багытталгандыгы менен

аныкталат. Автор бир катар ченемдик укуктук актыларды, атап айтканда, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын макамы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын, «Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын, «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу концепсиясы» кабыл алууну сунуштаган. Диссертацияда камтылган жоболор, тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо процессинде, мамлекеттик чек арага тиешелүү маселелерди жөнгө салуучу эл аралык келишимдерди даярдоодо, ошондой эле мамлекеттик чек ара жөнүндө мыйзамдарды жана жаңы ченемдик-укуктук актыларды даярдоодо, өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөө боюнча орчундуу сын пикирлер жок, бирок кошумча редакциялоонун зарылчылдыгы бар экендигин белгиленет.

Жалпысынан, Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» деген темадагы диссертациясы коргоого сунушталат.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Айдар Муратович, ыраазычылык билдирем. Эксперттер диссертациялык иш боюнча акт беришти. Баштапкы материалдардын аныктыгы тууралуу корутунду жасашкан экен. Суроолор барбы? Суроо жок. Чоң рахмат, урматтуу кесиптештер. Анда добуш берүүгө өтөбүз. Бары “макул”, бир добуштан кабыл алынды. Эми коргоонун датасы боюнча, изденүүчү Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин коргоосунун датасын 2025-жылдын 3-февралына коюуну сунуштайм.

Добушка коём, добуш берип коюңуздар. Бары “макул”, бир добуштан өттү.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Авторефератты басып чыгарууга жана таркатууга уруксаат берүү боюнча.

Добушка коём. Баары “макул”, бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Биз Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин кандидаттык диссертациясы жөнүндө эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн корутундусун жана баштапкы документтердин аныктыгын текшерүү актын уктук. Анда эксперттик комиссиянын корутундусун бекитүүгө жана протоколду бекитүүгө өтөбүз.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика

илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.23.669 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча эксперттик корутундулар бекитилсин.

2. Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого кабыл алынсын.

3. Бекитилсин:

1) ***Жетектөөчү уюм: ОшГУ***
2) **Расмий оппоненттер:**

2.1. Токтогулов Алмаз Асылбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02;

2.2. Кожомбердиев Бакыт Кожомбердиевич– юридика илимдеринин кандидаты, доцент адистиги 12.00.02.

**Диссертациялык кеңештин**
**Төрагасы, ю.и.д., профессор** **Токтобаев Б.Т.**
**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, ю.и.к.** **Сагыналиева В.Ж.**

**Колдорун тастыктаймын:**
**КБ башчысы** **Жайнакова А.А.**

12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Алымбеков Алмаз Акматалиевичтин диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин мүчөлөрүнүн 2024-жылдын 20-декабрындагы №__ отурумуна

**КЕЛҮҮ БАРАКЧАСЫ**

| № | Аты жөнү | Окумуштуулук даражасы, адистиктин шифри | Жыйынга катышуу (кол коюу) |
|---|---|---|---|
| 1 | Токтобаев Болот Токтомышевич | төрага, ю.и.д., проф, 12.00.01. | |
| 2 | Шамурзаев Таалайбек Турсунович | төраганын орун басары, ю.и.д., проф, 12.00.09, 12.00.08. | |
| 3 | Сагыналиева Венера Желденовна | окумуштуу катчы, к.ю.н, доцент, 12.00.01. | |
| 4 | Адилов Айбек Насырович | ю.и.д.,профессор, 12.00.09, 12.00.14. | |
| 5 | Аманалиев Урмат Олжобекович | ю.и.д., доцент, 12.00.02, 12.00.14. | |
| 6 | Джумагулов Айдар Муратович | ю.и.д., доцент, 12.00.01, 12.00.02. | |
| 7 | Джумалиев Данияр Сардарбекович | ю.и.д., доцент, 12.00.01, 12.00.02. | |
| 8 | Исманов Таалайбек Кадырович | ю.и.д., доцент, 12.00.01. | жүйөлүү себептер м-н келген жок<br>Окум. катчы: |
| 9 | Ким Олег Дмитриевич | ю.и.д., профессор, 12.00.09. | |
| 10 | Саякова Мария Касымовна | ю.и.д., доцент, 12.00.08, 12.00.14. | |
| 11 | Сманалиев Кынатбек Мойнокович | ю.и.д., профессор, 12.00.09. | |
| 12 | Сулайманова Назгуль Назарбековна | ю.и.д., профессор, 12.00.08. | жүйөлүү себеп менен келген жок<br>окум. катчы: |
| 13 | Сыдыкова Лейла Чынтургановна | ю.и.д., профессор, 12.00.08. | жүйөлүү себеп менен келген жок<br>окум. катчы: |
| 14 | Токтогулов Алмаз Асылбекович | ю.и.д., доцент, 12.00.02, 12.00.14. | |

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы** **Сагыналиева В. Ж.**

Кол тамгасын тастыктаймын
КБ башчысы: Н.Т. Курманова

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ